**УДК: 784(575.2)**

**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-360-366**

**Дүйшөнбек кызы А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aizadaduishonbekova14@gmail.com

# РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН КЫРГЫЗ ОБОНЧУЛУК ӨНӨРҮНДӨГҮ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

**Аннотация:** Бул макала кайталангыс таланттын ээси, элдик өнөр менен классикалык музыканы айкалыштырган улуу обончу, композитор, чыгаан ырчы, Рыспай Абдыкадыровдун кыргыз обончулук өнөрүн өнүктүрүүдөгү ролун ачып берүүгө арналат. Рыспай Абдыкадыров профессионал музыкалык маданиятыбызга классикалык музыка менен элдик өнөрдүн ортосундагы данакер, аккордеон коштогон кыргыз обондорунун негиздөөчүсү катары элибиздин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат. Кезегинде Рыспайга чейинки обончу, композитор жана аткаруучуларыбыздан Муса баетов орус гармонун ойноп, кыргыз музыкалык аспаптарынын катарына кошсо, кыргыз профессионал музыкасынын баштоочусу Абдылас Малдыбаев фортепиано үчүн элдик обондорду иштеп чыгуу менен, кыргыздын музыка дүйнөсүнө байыр алдырган. . Көптөгөн мыкты чыгармаларга обон жараткан талანттуу композитор жана аткаруучу. Кыргыз музыка дүйнөсүнө өзүнүн өзгөчө обондору, ырлары менен жаркын из салган талант. Композитор партиялык бийликти, колхоз-совхозду мактаган бир да чыгарма жазган эмес. Анын обондорунун басымдуу бөлүгү сүйүү, махабат, арзуу жөнүндө болгон. Обончунун жараткан обондорундагы кайрыктардын кайталангыстыгы, оригиналдуулугу ачып берилип, музыкант катары аккордеонго тил бүтүргөндөй ар тараптан жетик өздөштүргөндүгү жана өзүнүн феномендүү талантыменен кыргыз обончулук өнөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошуп, кыргыз элине ак кызмат өтөгөндүгү жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

**Негизги сөздөр**: музыка, талант, элдик өнөр, композитор, обончу, ырчы, аккордеон, ыр өнөрү, феномен, обончулук мектеп.

**Дүйшөнбек кызы А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
aizadaduishonbekova14@gmail.com

# РОЛЬ РЫСПАЯ АБДЫКАДЫРОВА В КЫРГЫЗСКОМ МЕЛОДИЧЕСКОМ ИСКУССТВЕ

**Аннотация**: Данная статья посвящена Рыспаю Абдыкадырову обладателю уникального таланта, великому музыканту, композитору выдающемуся певцу, сочетающему народное творчество и классическую музыку. Рыспай Абдыкадыров навсегда останется в сердцах нашего народа как основоположник кыргызских мелодий под аккордеон, мудрец между классической музыкой и народным творчеством нашей профессиональной музыкальной культуры. В свою очередь Муса Баетов, один из наших композиторов, композиторов и исполнителей до Рыспая, сыграл на русской фисгармонии и внес ее в список

кыргызских музыкальных инструментов. Он талантливый композитор и исполнитель, написавший музыку ко многим замечательным произведениям. Талант, оставивший яркий след в мире кыргызской музыки своими уникальными мелодиями и песнями. Композитор не написал ни одного произведения, восхваляющего партийную власть, колхоз-совхоз. Большинство его песен были о любви, привязанности и желании. Мы поговорим о мастерстве музыканта на аккордеоне во всех отношениях его феноменальном таланте и его служении кыргызскому народу

**Ключевые слова:** музыка, талант, народное творчество , композитор, музыкант, певец, аккордеон, песенное искусство, явление.

**Duishonbek kyzy A.**
master student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aizadaduishonbekova14@gmail.com

## THE PLACE OF THE MELODIST RYSPAI ABDYKADYROV IN THE KYRGYZ MELODIC ART

**Abstract:** This article is dedicated to Ryspai Abdykadyrov, the owner of a unique talent, a great musician, composer,outstanding singer combining folk art and classical music. Ryspai Abdykadyrov will forever remain in the hearts of our people as the founder of Kyrgyz accordion melodies, a sage between classical music and folk art of our professional musical culture. In turn, Musa Baetov, one of our composers, composers and performers before Ryspay, played the Russian harmonium and included it in the list of Kyrgyz musical instruments. He is a talented composer and performer who has written music for many wonderful works. A talent that has left a bright mark on the world of Kyrgyz music with its unique melodies and songs. The composer did not write a single work praising the party power or the collective and state farms. Most of his songs were about love, affection and desire We will talk about the skill of the accordian musician in all respects, his phenomenal talent and his service to the Kyrgyz people.

**Key words:** music, talent, folk art, composer, musician, a singer, accordion, songart, phenomenon.

*Тулпар элен ашуу белден качпаган,*
*Өз элиңди ыйык көрүп барктаган.*
*Обонуна барчындарды кондуруп,*
*Ыр жолуна далайларды таптаган*
*(М.Мырзабек уулу)*

Кыргыз обончулугу буга чейин комуздун коштоосунда гана аткарылып келген болсо, кийинчерээк ар кандай агымдар коштолуп жан кире баштады. Мына ошондой агымдарга жан киргизген улуу обончуларыбыздын бири-Рыспай Абдыкадыров. Каарманыбыз жөнүндө аябагандай көп маалыматтар камтылган жана жазылган. Алардан өзгөчөлөнүп мен анын обондору жана анын кыргыз обончулук өнөрүн өнүктүрүүдөгү ролу жөнүндө сөз кылгым келди.

Рыспай Абдыкадыров-улуу обончу-композитор. Ал 60-жылдары чыкканда эле обондору элдердин жан дүйнөсүнө бүлүк салып, такыр башкача стилде ырдап чыкканы белгилүү. Кезинде М. Өмүркanovанын комуз менен ырдаганы элге өзгөчө таасир берип

келсе, 60-жылдардан тартып Р. Абдыкадыровдун ырлары өзгөчө уккулуктуулугу менен өзүнө тартып, анын обондорун жаттап алып эл оозунда ырдалып калган. Р. Абдыкадыровдун обондору бардык калктарга, жалпы адамзатка жаккан обондор экен. Обондору жан дүйнө менен аткарылгандыгы үчүн анын обондору азыркыга чейин өзүнүн ордун жоготпой келет. Мына ушул себептен дагы "ырдын пири Рыспай" деп айтылып калса керек. Учурдагы обондуу ырларды уксак деле кандайдыр бир деңгээлде максатына жетпей тургансыйт. Рыспайдын обондорун бир уккан киши махабатка балкып, жан дүйнөсү мемиреп, чыныгы обон экенин баары түшүнсө керек. Обондорунун кайрыктары нукура кыргызча, аны укканда менин көз алдымда кыргыздын Ала-Тоосу, жайык төрү, шаркыраган суусу, махабаттын аруулугу элестейт. Обондуу кайрыктарынын тамыры кыргыз музыкасынын түпкү тамырлары менен ашташып, мурдагы салттан өнүп чыккандай, кыргыз музыкасынын нукура уландысы катары сезилет.Кыргыз ободорун бийиктикке көтөрүп чыгып, дүйнөлүк деңгээлдеги кайталангыс обондуу кайрыктары ар бир кыргыздын жүрөгүндө жашайт. Рыспай Абдыкадыров жалпы 200 дөн ашык обон жараткан. Анын обондорунун масштабы чоң, горизонту кенендиги менен да өзгөчөлөнөт. Бул кыргыз элинин байлыгы. Анын жүрүм-туруму дагы көнүмүш стереотиптерге сыйбай, пассионардык толуп-ташкан энергиясы ага тынчтык бербей, жөнөкөй алкактарга сыйбай турган адам болгон, бүтүндөй чыгармачылыгында мезгилден алдыга озгон оргиналдуу чыгармаларды жаратканы да ушундан. Негизинен алганда анын обондору кандайдыр бир жандуу сезимдерди, жан дүйнөгө тартуулап турат. Мезгилден мурун келген мындай кыйын инсандардын учурунда бааланбагандыгы, жеке турмушунун аянычтуулугу жана өмүрдөн эрте кетиши, бир эле кыргызда эмес, дүйнөлүк маданияттын тарыхында көп эле учурайт. Рыспайдын ырлары улуулукка, тазалыкка, аруулукка, тунук сүйүүгө чакыргандыктан, ар бир кыргыздын жүрөгүнөн түнөк таап, Рыспай анын сезимин ырдап жаткандай сезилген. Анын улуулугу мына ушунда. Эми обондорун айта кетели.

**Обондору:**С. Жусуевдин сөзүнө"Айтсаң боло", "Кымбатым","Ак кайың"

Өзүнүн сөзүнө "Алмашым" ,

М. Алиевдин сөзүнө "Алтынчы күнү кечинде"

Т. Касымалиевдин сөзүнө "Осеннее сияние"

А.Белековдун сөзүнө "Бакыт ыры"

О.Султановдун сөзүнө "Биз экөөбүз"

Т. Касымалиевдин сөзүнө "Бото көз"

Н.Жаркынбаевдин сөзүнө "Жолугупсуз мага бекер сиз"

Б. Курманкуловдун сөзүнө "Жүрөк вальсы"

И.Гилязетдиновдун сөзүнө "Жүрөктү кетпе жаралап"

Ж. Мамытовдун сөзүнө "Издейм сени"

Т.Салиевдин сөзүнө "Койчунун ыры"

С.Сүйөрованын сөзүнө "Колхозумдун чабаны"

Н.Байтемировдун сөзүнө «Кылчактап неге карадың"

К.Шаршеновдун сөзүнө "Өмүрүмдүн кымбаты"

К.Ташбаевдин сөзүнө "Сагынуу"

Б.Абакировдун сөзүнө "Өскөн жер"

Ж. Алымовдун сөзүнө "Таанышындай карагын"

Ж.Алымовдун сөзүнө "Түгөйүм"

Ж.Алымовдун сөзүнө "Эсиңдеби" ж.б.

Бүгүнкү күндө Рыспай кайрадан өз жашоосун чыгармаларында улантып жатат. Анткени анын жараткан чыгармалары заман талабына ылайыкталып, шакирттери, окуучулары, же жөн эле күйөрмандары тарабынан кайрадан иштелип, жаңыча ыкма, жаңыча стиль менен өзүнчө таанылып, заман талабына жаңы угармандардын табитине ылайык аткарыла баштады. Элдин жүрөгүн ойготкон баалуулуктары менен биздей жаштардын да жүрөгүнө жол ачып, аруулукка тарбиялап кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн педагогикалык, гуманитардык мүдөөлөрүн ишке ашырууда. Элдик ырга айланган **“Издейм сени”** аттуу чыгарма ар бир кыргыздын жүрөгүнөн орун алып, аны уккан бөлөк улуттагы адамдарды да кайдыгер калтырбайт.Анткени мукамдуу, лирикалуу кайрыктар коштогон обон мааниси терең сөздөр менен айкалышып турат.

Көрүнүктүү акын Ж. Мамытовдун “Издейм сени” деген ырында айтылгандай, *“Сен ааламга издетүүгө жаралсаң, Мен ааламга дайым сени издөө үчүн келгемин”* деген сыяктуу кыска-нуска, ойлорго бай, сезимге бүлүк салган лирикалык саптар Абдыкадыровдун ар бир обондуу ырларында орун алган. Абдыкадыровдун обондорунун басымдуу бөлүгү лирикага арналган. Обончулардын ичинен мунун обондору диапазонун кеңдиги жана ар бир кайрыктары бири-бирине окшобогондугу менен айырмаланат. Обондорунун басымдуу бөлүгүн аккардеон менен чыгарган. Рыспай Абдыкадыровдун ысымы ыр жандуу ар бир кыргыздын рухий дүйнөсүнөн түнөк тапканына эч кимибиз күмөн санабайбыз. Абдыкадыровдун музыкалык чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылганда, биринчи кезекте улуу обончунун жана аткаруучунун кыргыз музыка өнөрүнүн формасына жана мазмунуна новаторлук менен мамиле кылганын жана обончу көркөм өнөрдүн бул мейкиндигинде чоң ачылыштарды жасаганын баса белгилөө зарыл. Рыспайга чейин да обончулар болгон, Рыспай алардан аткаруучу катары да кескин айырмаланат. Үнүнүн, тембринин күчү тексттин маңызына шайкеш келиши жана диапазонунун өтө кеңирилиги улуу талантты башка обончулардан жана аткаруучулардан кыйла айырмалап турат. Рыспапйдын дагы бир чыгармачыл генийлиги так ушул жерде. Муну далилдөө өтө жеңил. Обончунун көзү тирүүсүндө анын ырын эч ким аткарган эмес. Анткени ырды Рыспайдай аткара албай, анын жемесине калганды эч ким каалаган эмес. Рыспайга да Жараткан обончулук өнөрдүн бүт дүйнөсүн берип салган тура. Биз Рыспайдын обондорун илимий негизде үйрөнүүгө, обончулук талантынын сырын билүүгө, анын обондорун искусство тармагында чыгармачылык менен пайдаланууга, анын аткаруучулук кудуретине шыктануу мүмкүнчүлүгүнө гана ээбиз. Рыспай 20-кылымда жашап өткөн кыргыздын чыгаан инсандарынын катарын толуктайт. Ал кыргыз тарыхындагы бул ордун маңдай тер, ак эмгек жана элине кылган адилет кызматы менен өзү гана жасады. Рыспай өмүрүндөгү жана чыгармачылыгындагы ар кандай тоскоолдуктарды жарып өтүп, ондогон кылымдар бою калыпка түшүп калган кыргыз обончулугуна төңкөрүш жасап салды. Р. Абдыкадыровдун музыкалык коштоо ыргактары менен музыкадагы обонду ийине жеткире иштеп, аны текст менен да жогорку чеберчиликте айкалыштыра билгендиги менен да өзгөчө. Музыкаларынын көркөмдүк бийиктиги Ала-Тоонун жытына жакшы айкалыштырылып, ошол тоодон өзүнө энергетиканы сиңирип алгандай сезилет. “Жолугарым билгемин” деген чыгармасын ойногондо обон башталганда тоникадан башталган музыкалык ой улам арылаган сайын жогорулап отуруп, кыргыздын улуу тоолору дөңсөөлөдөн башталып, улам жогорулаган сыяктуу жаратылыш менен тыгыз байланышып турат. Обончулукта Р. Абдыкадыровдун эч кимге окшобогон стили, манерасы бар экендиги талашсыз. Түшүнүктүүрөөк болсун үчүн аны башка обончулардан айырмалантып турган өзгөчөлүктөргө токтоло кетели.

1. Р.Абдыкадыров алгач аккордеон менен жаңы кайрыктардагы кыргыз обондорун жаратып, өз мезгилинде кыргыз музыкасында төңкөрүш жасаган.
2. Обон жаратууда салт болуп калган мерчемден чыгып, обондун кайрыктарынын диапозонунун 1,5 октавага созуп жеткирген.
3. Р.Абдыкадыров өзү жараткан обондорун аккордеондун коштоосунда жагымдуу үнү менен чебер аткарып, кыргыз музыкасында аккордеондун жаңы мүмкүнчүлүгүн ачып, кыргыз музыкалык маданиятын байыткан жана мурдагы обончулардан айырмаланып, обондун музыкалык аспаптык киришүүсүн(вступление) киргизген. [1.53]. жыйынтыктап айтканда Рыспай Абдыкадыров 20-кылымдын 60-жылдарынан тартып өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин чыгармачылыгы токтобой, жаңы-жаңы чыгармаларды жаратып, кайталангыс обондорун өзү жеткире ырдап жүрүп артында обончулардын мектебин калтырды. Анын жолун жолдогондор: Асанкалый Керимбаев, Түгөлбай Казаков, Жолболду Алибаев, Токон Эшпаев, Ибрагим Жунусов, Эгемберди Талипов, Исрадин Аманбаев, Кадыралы Артыков ж.б кыргыз музыкасын жаңы обондор мененбайытышты, алардын ырлары азыр да жаш муундарга эстетикалык тарбия берип келе жатат. Залкар обончу-композитор Рыспай Абдыкадыров жетимишинчи жылдары чыгармачылык жолу улам бийиктеп, обон чыгаруудагы өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү менен музыкалык чыгармачылыкка жеке мамилеси жана көз карашы жөнүндө «Обон жаратуудагы ойдон улам» аттуу көлөмдүү макаласында мындай дейт: «Искусстводо мейли адабиятчы, мейли колу чебер сүрөтчү болсун иши кылып көркөм дүйнө жаратууга умтулгандардын баарысында табигый жөндөм, талант болмоюнча, көпчүлүктүн көңүлүнө арзыган жаңы нерсени тартуу кылуу өтө кыйынга турары закон ченемдүү. Экинчиден, искусствонун кайсы түрүндө болбосун, ар бир чыгармачыл адам өзүнүн талантын, жөндөмдүүлүгүн тынымсыз изденүү, эмгектенүү менен көзүн каныктырып, тажрыйба топтоп, жетишпеген бөксөсүн толтуруп жүрүп отурат». Музыка жаратуучу – композитор музыка жаратуу менен гана чектелип калбастыгын айтып, сезимдин башка формалары менен көркөм адабият, живопись, архитектура, кино жана театр менен да кеңири тааныш болууга тийиш, бул анын көркөм табитин тарбиялоого жакшы мүмкүнчүлүк түзөт деп бир мисал келтирет: «Мисалы бир жазуучу өзүнүн чыгармасында жалпы адамзаттык терең идеяны айткан дейли. Мыны ошол мыкты жазылган чыгармадан улам толкунданган композитор - музыка жаратышы мүмкүн. Буга Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты Ч.Айтматовдун бир катар чыгармаларынын негизинде музыкалык чыгармалар жаратылганын айтсак болот». Рыспай Абдыкадыровдун чыгармачылыгы жөнүндө жетимишинчи жылдары эле музыка изилдөөчүлөрү жана сынчылары ага карата жеке көз караштарын жана ой-пикирлерин билдирип келишкен. Алардын бири Акматбек Солтобаев 1972-жылы «Ала-Тоо» журналына жарыяланган көлөмдү «Музыкалык таасирлер» аттуу көлөмдүү макаласында: «Р.Абдыкадыров музыкасы терен ойлуу, тили так. Дили менен укканга көп жашап, көптү көргөн акылдуу адамдын аңгеме дүкөнүндөй: жеңил лиризм, көңүлдү көтөргөн романтика, кээде терең философия сезилип турат. Бирде карасаң ойго чөктүрөт («Кымбатым», «Издейм сени» ж.б.). Турмуш даңгыр жолу эмес. Жашоодо өкүнүч да, кубаныч да болот. Р.Абдыкадыров чыгармасын турмуштан сузуп алат, ошон үчүн элге жакын, угуучуну ишендирет. Жалпыга маалым «Түгөйүм» аттуу обонун чыгаргандан бери он жылдай мезгил өттү. Көркөм чыгармачылыкта бул анча көп эмес. А бирок, обончу эбегейсиз зор эмгек жаратты. Менин билишимде сан жагынан да, сапат жагынан да андан өткөн музыкант жок»: Кайрадан Р.Абдыкадыровдун обон чыгаруу өзгөчөлүктөрү жөнүндө: «Сөз обон жаратуу

жөнүндө болуп жаткандыктан, кептин нугун ошого бурмакчыбыз. Музыка бул – окуяны добуш аркылуу баяндап, көркөм эмоциялык мүнөздө чагылдыруучу искусство. Мындан тышкары музыка окуянын кубанычтуу же кайгылуу жүрүшүнө карай экиге бөлүнөт. Композитор окуянын трагедиялуу учурун минордук тондо, ал эми шаттуу учурун мажордук тондо жазат. Бирок, минордук тондо жазылган музыка кээде шаттыкты элестетсе, тескерисинче, мажордук тондогу музыка кайгылуу окуяны элестете алат. Композитор окуянын жогорудагыдай негизги эки мүнөзүнө жараша мамиле жасап, өз эмоциясын өзгөртүшү мүмкүн». Рыспай жогорудагы макаласында искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле, музыка искусствосу да өз ара майда жанрлардан турарын жөнөкөй, түшүнүктүү болуусу үчүн музыка искусствосун негизги эки бөлүккө бөлүп карай тургандыгын, булар: Вокалдык жана аспаптык.

***Цитата:***

**Глоболизация мезгилинде кыргыз элинде инсанды социалдаштыруунун өзгөчөлүктөрү.**

*Глобализация мезгили инсанды социлдаштырууну ар тараптан өзгөрүүгө учуратып жатат. Айрыкча чет элдик музыкалык чыгармалар элге кеңири тарап, өз таасирин тийгизип жатат. Бөтөн элдердин маданиятынын таасиринин күчөшү кыргыз элинин социалдаштыруу салттарын өзгөрүүгө учуратып жатат. Бул жаштардын улуттук баалуулуктарга жасаган мамилесинен ачык көрүнөт.*

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы -2013 №1. -115-119-бб. Мурзаев М.С Глобализация....119 б.
2. Кадыралиева Ү. Талантка таазим “Рыспай Абыдкадыров жөнүндө макала. Бишкек. ―Улуу тоолор, 2015)
3. Кыргыз музыкасы: Энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы ред. Ү. Асанов. – Бишкек, 2004. – 400 б.
4. Муратова А.М., Артыков К.Ж. Музыка:6-кл. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.:Билим-компьютер, 2018. – 80 б
5. Мурзаев.М.С ОшМУда иштеген окумуштуу педагогдор. – Бишкек, – 2019. – 190 б.

**Рецензент: психология илимдеринин кандидаты, доцент Мурзаев М.С.**